Өзгөчөм

Сөзү: Барпы Алыкулов

Обону: Барпы Алыкулов

Ашкере ырдап бербесем,

Койколосуң өзгөчөм.

Оромолдун каз тартып,

Чүмкөнөсүң өзгөчөм.

Жакын барсам жаныңа,

Сүйкөнөсүң өзгөчөм.

Кум чайкаган дайрадай,

Бүркөлөсүң өзгөчөм.

Бүркөлөсүң өзгөчөм.

Жүрөгүмдү күйгүзүп,

Куйкалайсың өзгөчөм.

Ашкананын бурчунан,

Шыкаалайсын өзгөчөм.

Көк жибектей эшелип,

Бураласың өзгөчөм.

Ашыга баскан калтардай,

Чубаласың өзгөчөм.

Чубаласың өзгөчөм.

Көсөгөнүн жанда жок,

Сиздеп күйдүм өзгөчөм.

Сиздей сулуу перини,

Мен издеп күйдүм өзгөчөм.

Үн салганын токойдун,

Булбулундай өзгөчөм.

Талпынасың куштардын,

Туйгунундай өзгөчөм.

Өзгөчөм, өзгөчөм

Распечатать